# Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2012-жылдын июнь айы)*

Июнь айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын экинчилик рынокто жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн, анын натыйжасында рыноктун катышуучулары тарабынан жалпы суммасы 150,1 млн. сом өлчөмүндө баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 9,6 пайызга төмөн. Иш жүзүндө жайгаштырылган МКОлордун дээрлик бардык көлөмү рыноктун эки негизги катышуучусунун ортосунда– ири коммерциялык банк менен институционалдык инвесторго, сатуунун бүтүндөй бир айлык көрсөткүчүнүн 99,9 пайызын камсыз кылган суммада бөлүштүрүлгөн. Каралып жаткан мезгил ичинде баалуу кагаздарга болгон суроо-талап эмиисиянын жарыяланган көлөмүнөн ашкан эмес, ошол эле мезгилде баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү өткөн айдын көрсөткүч деңгээлинде 14,4 пайызда сакталган. МКОлор боюнча кирешелүүлүктүн салыштырма жогорку деңгээлине карабай, мамлекеттик кагаздардын бул түрүнө кызыгуу алардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүүлүгүнөн улам, көпчүлүк банктар тарабынан төмөн бойдон калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




**2-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Июнь айында жүгүртүүдөгү МКОлордун көлөмү ай ичинде 0,2 пайызга төмөндөө менен 3,2 млрд. сомду түзгөн. Ошол эле учурда коммерциялык банктардын үлүшү 38,1 пайызга жеткен институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагынын эквиваленттүү көбөйүшүнүн эсебинен 3,1 пайыздык пунктка, ( 61,8 пайызга чейин)

төмөндөшү байкалган. Резиденттерден болушкан юридикалык жактардын үлүшү мурдагыдай эле 0,1 пайыздык деңгээлде калган.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОлордун биринчилик рыногундагы концентрациялануу[1] индекси 0,35 пайызды түзгөн, бул концентрациялануу индексинин жогорку деңгээлин көрсөтөт жана рынокто бирдей үлүшү менен үч инвестордун болушуна туура келет.

Каралып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКОлор менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Кулжа'2011 | 2 213 792,0 | 0,0 | 0,0% | 1 661 706,5 | 75,1% | 549 140,5 | 24,8% | 2 945,0 | 0,1% |
| Теке | 2 213 792,0 | 70 685,7 | 3,2% | 1 661 706,5 | 75,1% | 478 454,8 | 21,6% | 2 945,0 | 0,1% |
| Баш оона | 2 593 792,0 | 70 685,7 | 2,7% | 1 966 437,7 | 75,8% | 553 723,6 | 21,3% | 2 945,0 | 0,1% |
| Аяк оона | 2 752 012,0 | 70 685,7 | 2,6% | 1 861 097,7 | 67,6% | 817 283,6 | 29,7% | 2 945,0 | 0,1% |
| Тогуздун айы | 2 927 012,0 | 500 940,7 | 17,1% | 1 888 929,5 | 64,5% | 532 494,6 | 18,2% | 4 605,2 | 0,2% |
| Жетинин айы | 3 056 703,0 | 500 940,7 | 16,4% | 1 881 130,5 | 61,5% | 671 484,6 | 22,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бештин айы | 3 035 970,0 | 0,0 | 0,0% | 1 857 228,9 | 61,2% | 1 175 593,9 | 38,7% | 3 105,2 | 0,1% |
| Үчтүн айы'2012 | 3 047 170,0 | 0,0 | 0,0% | 1 868 428,9 | 61,3% | 1 175 593,9 | 38,6% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бирдин айы | 3 092 940,0 | 0,0 | 0,0% | 1 914 198,9 | 61,9% | 1 175 593,9 | 38,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Жалган куран | 3 055 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 921 038,9 | 62,9% | 1 131 503,9 | 37,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Чын куран | 3 145 470,0 | 0,0 | 0,0% | 2 011 168,9 | 63,9% | 1 131 153,9 | 36,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бугу | 3 234 570,0 | 0,0 | 0,0% | 2 099 268,9 | 64,9% | 1 131 153,9 | 35,0% | 4 105,2 | 0,1% |
| Кулжа | 3 229 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |

[1] Бул индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздарды концентрациялоо даражасын көрсөтөт. Концентрациялоо индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы менен эсептелет жана жалпы көлөмдөгү көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт.Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилер интервалында жатат. Индекстин 0,10дон аз мааниси концентрациялоонун төмөнкү; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялоонун орточо деңгээлине, 0,18ден жогору – концентрациялоонун жогорку деңгээлине дал келет. Мисалы, 0,50гө барабар концентрациялоо индекси рынокто бирдей үлүштөрү менен эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун болушуна дал келет. ж.б.